**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусуна байланыштуу “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын “анын 3 жылы биринчи инстанцияда жана 2 жылы экинчи инстанцияда” деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 1-бөлүгүндөгү 2-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү токтото туруу жөнүндө

# АНЫКТАМАСЫ

2025-жылдын 11-июлу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Н.Ж Жанышбекованын катышуусунда, М.М. Жорокуловдун кайрылуусуна байланыштуу иш боюнча өндүрүштү токтото туруу жөнүндө судья-баяндамачы М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып,

**Т А П Т Ы:**

М.М. Жорокуловдун кайрылуусу боюнча “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын “анын 3 жылы биринчи инстанцияда жана 2 жылы экинчи инстанцияда” деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 1-бөлүгүндөгү 2-абзацынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 3-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 94-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 95-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-абзацына ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө иш Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун өндүрүшүндө бар.

Конституциялык соттун кворуму узак убакытка чейин болбой тургандыгына байланыштуу аталган ишти мыйзамда белгиленген мөөнөттө кароо мүмкүн эмес.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, эгерде ишти кароону белгиленген мөөнөттө аяктоо мүмкүн болбосо, Конституциялык сот ал боюнча өндүрүштү келип чыккан тоскоолдуктарды жоюу үчүн зарыл болгон мөөнөткө токтото алат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 43, 48, 49 жана 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусуна байланыштуу “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын “анын 3 жылы биринчи инстанцияда жана 2 жылы экинчи инстанцияда” деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 1-бөлүгүндөгү 2-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш токтото турулсун.

2. Бул аныктама кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана даттанууга жатпайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№___________